УДК: 371.35

Аманатова Д.О., Айылчиева С.У.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# АНГЛИС ТИЛИ САБАКТАРЫНДА СУРОО БЕРҮҮ СТРУКТУРАСЫН ОКУУЧУЛАРГА ҮЙРӨТҮҮ

*Англис тили сабактарында сүйлөөгө үйрөтүүнүн негизги жолдору болгон суроо берүүнүн структурасын окуучуларга үйрөтүүнүн жолдору берилген. Суроолордун түрлөрү бир өңчөй эмес ар түрдүүлүгү менен айырмаланат жана окуучулардын англис тилине болгон мотивациясын өстүрөт.*

Адамдардын пикир алышуусун суроо-жоопсуз элестетүү мүмкүн эмес. Практика көргөзгөндөй, суроо жана жооптор четтили сабактарынын эң негизги бөлүгүн ээлейт. Башка сабактарда көпчүлүк учурларда окуучулар жандилдери менен суроо беришсе (кээде, убакытты созуп үй тапшырманы жооп бербей калуу максатында), ал эми англис тили сабагында кырдаал такыр башкача болот. Өз энетилине окшошпогон белгилүү бир схема боюнча жардамчы этиштерди катыштыруу менен түзүлгөн суроолорду бири-бирине берүү көпчүлүк окуучулар үчүн кыйынчылыкка турат. Ошондуктан, айрым окуучулар англис тилинде табийгый пикирлеше билүү мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алышпайт. Барынан мурда белгилүү маалыматты окуучулардын өздөштүрүүсүнүн адекваттуулугун текшерүү менен бирге суроолорду окуучуларга мугалим берет. Чет элдик методикалык адабияттарда аларды information, closed, display queations: Who, What, When, Where, How …. ? деп аташат. Эрежеге ылайык, бул суроолордун бир гана туура жообу болот, аны мугалим дайыма билет. Ал эми окуучулардын мүмкүнчүлүгү андай эмес. Ошондуктан, окуучулар мындай суроолорго ката болуп калабы деп өздөрүнө ишенбегендиктен, жооп берүүгө шашылышпайт. Чындыгында кетирилген каталардын оңдолушун окуучулар каалашпайт. Алар унчукпай отура беришип, анын негизинде пикирлешүү үзгүлтүккө учурайт.

Англис тилинде пикирлешүүнү өнүктүрүү үчүн көпчүлүк мугалимдердин жогорудагыдай гана суроолор менен чектеле бериштери туура эмес. Булардан сырткары суроолордун көптөгөн түрлөрү бар. Алар open-ended questions («ачык суроолор») деп аталышат.

What do you think about….?
Why do you think …..?
Do you agree …..?
What is the most important…..?
Why is …significant?
How would you decide about….? жана башкалар.

Мындай суроолор окуучулардын чыгармачылык ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрөт. Өспүрүмдөр үчүн алар негизги мааниге ээ. 13-17 жаштардагы окуучулар бай кругозорго, ар түрдүү кызыкчылыктарга ээ болушат; практика көргөзгөндөй, алар өздөрүнүн классташтар менен жана мугалимдери менен өз ойлорун бөлүшкөнгө даяр. Өз пикирин, көзкарашын айта билүү мүмкүнчүлүгү окуучулардын англис тилинде активдүү сүйлөөсүн өнүктүрөт жана алардын коммуникативдүү ыкмаларынын өнүгүшүнүнө өбөлгө түзөт.

Пикирлешүүнү стимулдаштыруу (өнүктүрүү) үчүн берилген суроолорду эффективдүү колдоно билген мугалим (effective questioner) суроолордун көптөгөн түрлөрүн жана аларды кантип берүүнү билүүсү керек. Мынакей, сабактарда суроолорду колдонуунун техникасы боюнча бир нече керектүү сунуштарды беребиз.

1. Суроолорду так жана туура түзүңүз, алар конкреттүү болуусу керек. Төмөндөгүдөй типтеги жалпы суроолорду окуучуларга берүүдөн качыңыз:What did you learn from the reading? Же болбосо,What about the main character of the story? Суроoңуз канчалык так болсо, сиз ошончолук туура жоопту алууга мүмкүнчүлүк аласыз.

Формасы жагынан да, мазмуну жагынан да окуучулардын билиминин деңгээлине дал келүүчү суроолорду бериңиз. Суроонун түзүлүшү жана лексикасы аларга түшүнүктүү болушу керек. Эгерде балдар суроолорго түшүнүшпөсө, аларга жооп бере алышпайт.

2. Суроолорду лексикалык жактан катары менен бериңиз.Кокусунан, башаламан берилген суроолор окуучуларды оңтойсуздукка алып келет, ал эми тескерисинче, суроолордун тартиптүү түзүлгөн ирети окуучулардын талкууланып жаткан проблеманы жакшы түшүнүүсүнө жардам берет.

3. Суроолорду татаалдыктын ар кандай деңгээлинде берүүгө аракет жасаңыз. Анткени аны логикалык түрдө берүү окуучулардын мурун алган билимдеринин эске түшүрүүсүнө жардам берет (informative/ closed/ display questions).Мунун негизинде мугалим окуучулардын бул проблемага кандай багытталышкандыгын байкай алат жана ал келээрки дискуссиянын негизин (база) түзө билүүгө мүмкүнчүлүк алат. Булардан кийин окуучуларга салмактуураак «ачык суроолор» (opened questions) берилет.

4. Окуучулардын жоопторун аныктап билиңиз. Тилекке каршы көптөгөн мугалимдер берилген жоопторду кош көңүл угушкандыктан, бир эле суроону эки үч окуучуга берип алышат. Пикирлешүүнүн мындай түрү дискуссияны эмес, суракты эске түшүрөт.

5. Окуучулардын жоопторун аныктап билиңиз (прокомментируйте) жана алардын айткан жоопторун тактап берүүсүн сураңыз, башка окуучуларга да көңүл буруунуз керек: Аларда кандайдыр бир дагы бөлөк суроолор да пайда болуп калышы мүмкүн.

6. Окуучуларга жоопту жакшылап ойлонуу үчүн убакыт бериңиз.

Эң негизгиси тыным жөн гана кармап туруу керек. Изилдөө көргөзгөндөй, көпчүлүк мугалимдер бир секунда өтө электе эле, суроону кайталоо же экинчи суроону берүү менен тынчтыкты буза беришет. Көп учурларда алардын суроолору жоопсуз калары таң каларлык иш эмес. Эгерде мугалим берилген суроону ойлонууга 3-5 секунда бергенден кийинки көрүнүш таптакыр башкача. Мында жооп берүүнү каалаган окуучулардын саны аябагандай көбөйөт, ошондой эле жооптор сапаттык жагынан дагы өзгөрүлөт. Таймер катары төмөндөгү белгилүү англис ыр саптарын сунуштаса болот: Baa, baa black sheep, have you any wool?,муну мугалим суроо бергенден кийин өз ичинен айтышы керек жана мындан кийин гана ал окуучулардын жоопторун угууну баштайт.

7. Ишке болушунча бардык окуучуларды тарта билүүчү суроолорду жана ыкмаларды колдонуңуз. Суроолорго бүт окуучулардан, жада калса, пассивдүү балдардан да жооп алууга аракеттениңиз. Бул үчүн, албетте, ар бир окуучунун өз жөндөмдүүлүгүнө жана мүмкүнчүлүгүнө жараша тапшырманын татаалдыгынын деңгээлине көңүл буруунуз керек.

8. Көп-көп суроо бере билген окуучулардын санын көбөйтүүгө аракет жасаңыз. Бул үчүн класс ичинде эң жакшы атмосфераны түзүү керек.

Биз жогорудагыдай сунуштарды деклoмация жасоо менен гана чектелгенди туура көрбөйбүз. Бул макалада биз акыркы эки кеңешке толугу менен токтолобуз жана сабактарда коммуникативдүү ыкмалардын, ошондой эле табийгый пикирлешүүнүн өнүгүшү үчүн суроолор кантип жагымдуу жагдайды түзүп жаткандыгы жөнүндө айтып кетебиз. Мугалимдердин сабактарында колдонгон

бир нече ыктарды, тапшырмаларды жана оюндарды силер менен бөлүшкүбүз келет жана аларды кызыктуу, эффективдүү болот деп эсептейбиз.

Ыңгайлуу болуш үчүн, мен бардык тапшырмаларды шарттуу түрдө 3 тайпага бириктирели. Биринчи тайпа (1) окуучулардын көнүгүүлөрдү түзүүдө машыгуу максатын көздөгөн көнүгүүлөрдү өз ичине камтыйт. Ал- drilling деп аталат.

Экинчи тайпа (2) суроолордун жардамы аркылуу окуучулардын коммуникативдүүлүк ыкмаларын жетилтүү, алардын чыгармачыл ой жүгүртүүлөрүн стимулдаштыруу максатын көздөгөн тапшырмалар кирет.

Үчүнчү тайпа (3) тексттер менен иштөөдө суроолорду кантип эффективдүү колдоно билүүнү көргөзгөн көнүгүүлөрдөн турат.

1. Delightful drilling.

a. Chains. Окуучулар чынжырча түрүндө бири-бирине окшош эле суроолорду беришет, мисалы: «What did you have for breakfast today?»

b. Multiple answers. Сиз окуучуларга бир эле суроого ар түрдүү жоопторду берүүлөрү керек экендигин эскертесиз.

| Student. | Students |
|---|---|
| Why are you sad? | I have got a bad mark. |
| Why are you sad? | I have querreled with my friend. |
| Why are you sad? | I am not well. |
| Why are you sad? | I do not like this nasty weather. |

c. Substitutional drills.

Бул көнүгүүдө суроолуу сүйлөмдөр – сүйлөмдүн өзүнчө мүчөлөрүнүн алмашуу жолу менен иштелип чыгат. Темпти алмаштыруу жана күтүлбөгөн сөздөрдү киргизүү аркылуу бул тапшырманы кызыктуу жана көңүлдүү оюнга айландырса болот:

| Student | Students |
|---|---|
| When did you see him? | (repeat) When did you see him? |
| Where | Where did you see him? |
| Go | Where did you go? |
| Why | Why did you go? |
| Dance | Why did you dance? |
| Who with | Who did you dance with? |
| Eat pizza | Why did you eat pizza with? |
| Where | Where did you eat pizza? |
| How long | How long did you eat pizza? |

Noughts and Crosses.

| | | |
|---|---|---|
| Did | Why | Yes, he, is |
| When | Read | Are |
| At 10 o'clock | Who | Buy |

Сиз доскага 9 же 16 клеткадан турган квадрат чийесиз. Ар бир клеткага сөздөр жазылат, анын негизинде окуучулар суроо түзүшү керек же шайкеш келген суроолордун кыскача жоопторун бериши талап кылынат. Класс эки командага бөлүнөт. Сиз каалаган клетканы сөзү менен тандайсыз жана ар бир команданын бардык мүчөлөрү ал сөз менен суроо түзүшү керек. Бир команданын мүчөлөрү биригишип бири-бирине жардам бере алышат. Бардык мүчөлөрү суроо берүүгө даяр болгон команда (бардык катышуучулар колдорун көтөрүүлөрү тийиш) биринчи жооп берүү укугуна ээ болушат. Бул команданын ичинен каалаган окуучуну сиз чыгарасыз. Эгер суроо-туура берилсе команда клеткага берилген сөз менен кошо крест же нөл коет, ал эми ката кетирилсе, жүрүш-экинчи

командага берилет. Квадратты туурасынан, тигинен же болбосо диогоналынан крест же нөл менен биринчи болуп толтуруп чыккан команда жеңип чыгат.

*What's happening?*

Карточкага кыймыл-аракетти билдирүүчү этиштерди жазыңыз. Колдон келсе, бир нече жолу окуучулар үчүн ар түрдүү этиштер менен мындай карточкаларды даярдасаңыз абдан жакшы болот. Көрсөтүп берүүгө жеңил кыймыл-аракеттерди тандаганыңыз оң. «My day» темадагы лексика бул үчүн абдан туура келет. Мынакей, көптөгөн мисалдар төмөндөгүлөр:-You are washing the dishes. The telephone rings. Dry your hands, answer the phone and write down the message.

You are standing in front of the cooker. You are frying a pancake in a frying pan. Toss it to turn it over.

-You have a loaf of bread. Pick up a knife and skice off two pieces.

Окуучулар кезеги менен карточкаларда жазылган этиштерге туура келүүчү кыймылдарды бир нече жолу көргөзүшөт, а класс болсо Are you …? Деген суроолорду берүү менен эмне кыймыл экендигин табуулары керек. Эгер балдар демонстрация бүткөндөн кийин деле аларды ойлоп табууну уланта беришсе, анда алар суроолорду өткөн чакта бериши керек: Where you….? же Did you……?

*Find the questions.*

Түзүлүшүн сиз окуучулар менен кайталоону жактырган 5 суроолуу сүйлөмдү тандаңыз, мисалы: Present Simple Tense те: «What do you usually do at the weekend?», «Do you clean your room?», «Where do you go with your friends?», «How do you help your parents?», «When do you go to bed on Saturday?». Бул сүйлөмдөрдү түзгөн сөздөрдү алардын баштапкы тартибинде баракка жайгаштырыңыз. Тыбыш белгилерин жана баш тамгаларды колдонбоңуз. 1 ден 5 ке чейинки номерленген 5 жазуу сабын бош калтырып коюңуз.

Канча көчүрмө (копия) керек болсо, ошончо санда жасаңыз.Эки-экиден иштөө менен окуучулар берилген сөздөргө 5 суроо түзүп, аны жазуусу керек. Алар сиздин суроолоруңуздун негизинде өзүлөрүнүн суроолорун дагы түзө алышат. Мында окуучулар сөздөрдү кошуп, калтырып же алмаштырып койгонго жана бир эле сөздү эки жолу колдонгонго болбойт.Бул тапшырманы аткарууга белгилүү бир убакыт берилүүсү керек жана кайсы эки окуучу көп суроо түзгөндүгүн көрүп, андан кийин ишти бардык окуучулар менен жалпылоо талап кылынат. Башка вариант: бул тапшырманы ким биринчи аткарарын күтүп туруу керек. Суроолордун санын көбөйтүү аркылуу тапшырманы татаалдатса болот.

| |
|---|
| Parents do at usually when you how go do you what do the your friends do weekend clean do on where you to your help with do room your bed you Sunday. |

Get a positive/ negative answer.

Биз бул оюнду каалаган учурда окуучулар менен жалпы суроолорду кайрадан иштеп чыгууда колдонобуз. Класс эки командага бөлүнөт дагы, кезеги менен беш же андан көп суроолорду Yes/no мугалимге беришет. Мугалимдин көрсөтмөсүнө байланыштуу, ар бир команданын милдети-бул өздөрүнүн суроолоруна бир гана жай же тангыч жоопторду алуу. Мисалы, сиз демалыш күндөрү эмне кылгандыгыңыз жөнүндө сурагыла деп окуучуларга айтасыз. Ар бир жай же тангыч жооп үчүн команда упай алат. Команданын ар бир мүчөсү кезек–кезеги менен суроолорду берүүлөрү керек. Жыйынтыгында, көп упай топтогон команда жеңишке ээ болот.

*2. MYSTERY!*

Өз ичине кандайдыр бир жашыруун сырды каткан анча чоң эмес аңгемени окуучуларга айтып бериңиз. Сизге жалпы суроолорду (Yes/no questions) берүүнүн негизинде, алар бул жашыруун сырды табуусу керек.

*STORY 1*

A man and his son are flying on a small plane. The plane crashes. The man is killed and the boy is taken to hospital with severe injuries. He needs an operation immediately. In the emergency room, the surgeon takes one look ft the boy, gasps, and says, "I can't operate on him-he is my son!" How can this be? (The surgeon is the boy's mother.)

*STORY 2*

A man and his wife go on holiday to Australia. While they are there the wife dies. When the man comes home,his housekeeper accuses him of murdering his wife. She is right! How did the housekeeper know? (The housekeeper found a copy of the coupl's itinerary in the rubbish. The man had bought a round-trip ticket for himself but a one-way ticket for his wife.).

Some more situations:

-The man had been a hostage for ten years. His wife watched him leave the plane, and called to him excitedly. He didn't respond. (She saw him on television).

-It was late at night. "I love you", he said, kissing her: ''I love you too, darlign", she responded. Then her husband walked in. What do you think happened next? (The husband helped his wife to put their small son to bed.).

Эгер окуучулар жогорудагылардын жандырмагын табууда кыйналышса, аларга төмөндөгүдөй суроолорду берүү аркылуу жардам берсе болот: «Ask about feeligns?», «What do you know for sure about.....?», «Are you sure that?» ж.б.

*SNAPSHOT INTERVIEW.*

Окуучулар сабакка өздөрүнүн сүрөттөрүн алып келишет. Алар жупташып иштешет. Сүрөттөрүн бир-бири менен алмашып, берилген убакыттын ичинде теңтушунун сүрөтүнө байланыштуу бир нече суроолорду түзгөнгө аракеттенишет. Мисалы: "When was this photo taken? "Why was this photo taken?, "Who took the picture?", "Where are you ?", "Why do you look so sad/ happy in the picture?", "Where are you?", "Who is the girl with long hair?".

Мугалим класста ары-бери басып окуучуларга суроо түзгөнгө жардам берет. Андан соң балдар бири-биринен интервью алышат, кезеги менен суроо беришип, аларга жооп беришет. Иштин аягында"Why do people like tfking piktures and keeping photo albums?" деген темада жалпы дискуссия уюштурса болот.

### *COCTAIL PARTIES.*

Окуучулар берилген тема боюнча бир нече суроолорду жазышат: булар-PERSONAL QUESTIONS деп аталуучу окулган текстке карата берилген суроолор же болбосо музыка, мода, кызыгуу(увеличение) жана башкалар жөнүндө болушу мүмкүн. Ар бир суроо өзүнчө кагазга жазылат. Андан кийин мугалим бардык суроолорду чогултат, аралаштырып, ар бир окуучуга бирден суроо алгыла деп сунуштайт. Мындан кийин COCTAIL PARTIES деп аталган кечеде өткөнсүп, окуучулар бири-бири менен пикирлешип класста ары-бери басышат.Алар баракта жазылган суроолорду бири-бирине беришип, аларга жооп беришет.Андан соң окуучулар барактарын алмаштырат жана катарларын оңдоп пикир алышуу үчүн жаңы окуучу издейт. Окуучулар суроолордун көп бөлүгүнө жооп берип бүтмөйүнчө мындай көрүнүш улантыла берет.

### *WHO AND WHAT AM I ?*

Мугалим кагаздын барагына көрүнүктүү адамдардын, китептердин, фильмдердин баатырларынын, окулган тексттин каармандарынын

аттарын(ысымдарын) өз-өзүнчө жазат. Эгерде бул иш жаш курактагы өспүрүмдөр менен өткөрүлүп жатса, анда мугалим предметтердин же жаныбарлардын аттарын жазат. Андан кийин мугалим ар окуучунун аркасына бул барактарды бирден төөнөгүчтүн жардамы менен бекитет ( предметтердин жана жаныбарлардын аттары кайталана берсе болот). Мында окуучулар белгилүү адамдар же китептин каармандары же жаныбарлар жана башкалар болуп калышат. Алардын милдеттери өзүлөрүнүн ким экендигин табуу. Окуучулар бири-бирине суроо берүү менен өзүлөрүнүн ким экендигин табышат. “ Who am I?” деген типтеги суроолорду алар бербөөлөрү керек. Бирок төмөндөгүдөй суроолорду сураганга болот. “ Am I a human being or an object?”,” Am I young or old?”, “Am I rich or poor?”, жана башкалар. Окуучулар өзүлөрүнүн ким экендигин тапкан соң алар бул адам же болбосо бул предмет жөнүндө талкуу жүргүзүшөт. Андан соң бул окуучулардын тайпасынын бир өкүлү чыгып бул адам же предмет же болбосо бул жаныбар жөнүндө информация берет.

**Адабияттар**

1. N.Pollan, J.Greative Question,-Longman, 1995: Ur Penny, Five-Minute Activities-Cambridge,1993.
2. Рогова Г.В. Методика обучения английскому языку в средней школе.
3. FORUM (journal) 1999. Volume 37. № 3
4. FORUM (journal) 1996. Volume 34. № 1
5. Иностранный язык в школе. 1992. №5.
6. Bright Ideas.